2022-2023-окуу жылында Жалал-Абад шаарынын №8 жалпы орто билим берүүчү мектеби мекемесинде Жалал-Абад шаардык прократурасы тарабынан,Жалал-Абад шаарынын аймагындагы жалпы орто билим берүү мектептеринин окуучуларына,азыркы болуп жаткан окуялар, «Балдарды үйдө,мектепте,коомдук жайларда зордук-зомбулуктун,кылмыштуулуктун,суициддин,алдын алуу жана коргоо»аталышында жыйналыш иш-чараларды уюштуруу жөнүндөгү буйругунун негизинде өткөрүлгөн чогулуштун

## №1 ТОКТОМУ

**Жалал-Абад шаары** **21.09.2022-ж.**

**Катышкандар:**
Ата-энелер-540
Окуучулар -110
Жалал-Абад шаардык прокурордун
орун басары Кенжебаев Тынчтык Туратбекович
ЖШБББнүн орун басары,Маданова Айнура Мамытовна
ИДН кызматкерлери,
Мектеп жетекчилиги,мугалимдер

Күн тартибиндеги маселе:

1.Баткен-Тажик чек арасындагы кырдаал боюнча

2.Кылмыштуулуктун,суициддин,балдарга карата ырайымсыз мамиленин,зордук-зомбулуктун жана эрте никеге туруунун алдын алуу боюнча.

**Жыйнды окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Байкүчүкова Д.М.** ачып,төмөнкүлөргө токтолду:Урматтуу окуучулар,жана ата-энелер мына көрүп,угуп жатасыңар,мамлекетибизде кандай оор кырдаал болуп жатканын,канчалаган эр-азаматтарыбыздын жаны кыйылды,канчалаган энелерибиздин көз жашы акты,мекенибиз ушундай оор күндөрдү башынан өткөрүп жатканда биз жөн карап турганыбыз туура эмес болуп калат,келгиле биз да биригип,бизди коргоп жанын аябай окко учкан баатырларыбыз үчүн,дагы-да биз үчүн жанын тобокелге салып,бизди коргоп жаткан жзоокерлерибиз үчүн колубуздан келишинче жардам берели. Класс жетекчилер жана мугалимдер, сиздер да окуучуларга болуп жаткан окуяларды туура жеткириңиздер,ар түрдүү провакацияларга алданбай учурду туура кабыл алышсын,ошону менен бирге мектептеги ар бир окуучунун жашоо шартын,социалдык абалын,алар кимдер менен чогуу жашайт,ата-энеси мененби же башка бир туугандары мененби,алардын үйдөгү көйгөйү эмне,аларга эч ким кысым көргөзгөн жокпу,алардын окуусу жүрүм-туруму жаман жака өзгөргөн жокпу,өзгөрсө ага эмне себеп болду,мына ушулардын баарынан кабардар болуубуз зарыл.Ал эми окуучулар силер биздин келечегибизсиңер силер азыр билим алуудан башка эч нерсени ойлонбошуңар керек.Ата-энелер мектеп менен ыгыз байланышта иш алып барып,баласы үчүн убактысын аябаса анда келечекте биздин жаш муундар эң жакшы инсан болуп өсүшөт. «Бирге баарын жеңебиз»деген ураан менен акциялар,балдардын өз өмүрүнө кол салуусун (суицид)алдын алуу максатында түшүндүрүү иштери «Жашоо керемет!»,«Мен жашагым келет»темаларда видео сабактар даярдалып,тарбиялык сааттар өтүлөрүн кошо белгилеп өттү

Сканировано с CamScanner

**Сөз, Жалал-Абад шаардык прокурордун орун басары Кенжебаев Тынчтык Туратбековичге** берилди:Ал өз сөзүндө,саламатсыздарбы урматтуу окуучулар жана мугалимдер,биз бул жерге чогулганыбыздын себеби,сиздерге азыркы кырдаал боюнча туура түшүндүрүү иштерин алып баруу,жана окуучулардын жакшы келечеги үчүн азыртан кам көрүү,аларды кылмыш кылуудан алыстатуу,зордук-зомбулуксуз тарбиялоо,жана өз өмүрүнө кол салуусунун алдын алуу.Азыркы чек арада болуп жаткан кырдаал баарыбызга белгилүү,биздин тынч жашообуз үчүн жандары кыйылган баатырларыбыздын жайы жанаттан болсун,бул баатырлардын эрдигин биз ар бир атуул жүрөгүбүздө сактоого милдетүүбүз.Булардын эрдиги түбөлүккө сакталат деп мен ишенем,жана ушундай кырдаал болбошу үчүн силер урматтуу окуучулар азыртадан даярданышыңар керек,дегеним мектептен жакшы билим алып,дүйнөлүк маселелерди чече турган даражада билимдүү болууңар керек,жана ар бир биздин атуул мекен үчүн кызмат кылууга даяр болушубуз керек экендигин баса белгилегим келди.Мына силер эртеңки келечек ээлерисиңер,ошондуктан азыр ар түрдүү майда кылмыштарга аралашып калуудан сак болуп,эмне кылсам мекенге пайдам тийет деп ойлонуш керек.Кылмышка аралашып калган болсоңор силер мекенге эмес ата-энеңерге да пайдаңар тийбей калат,тескерисинче,ата-эненин мээнетин баалабаган болуп,өмүрүңөр темир тор артында өтүп кетиши мүмкүгн,анын алдын-алуу үчүн азыр мугалимдердин айткан насааттарын туура какбыл алып,силерге берип жаткан билимин тажабастан үйрөнүшүңөр керек,ошондо гана силерден ата-энесин,эли-жерин ыраазы кылган эр-азамат,жана акыл-эстүү кыздар чыгат деп ишенем.Ар дайым билим алуудан талыкпай жакшы окуп жакшы жүргүлө,деп сөзүн жыйынтыктады.

**Кийинки сөз ЖШБББнүн орун басары,Маданова Айнура Мамытовнага берилди**. Ал өз сөзүндө,урматуу окуучулар,эртеңки эр-азамат баатырлар,баатыр кыздарым,мындай айтканымдын жөнү бар,ооба эртеңки күндүн баатырлары силерсиңер,бирок ошол баатыр атты алыш үчүн азыртан баштап ойлонушубуз керек, жакшы окуп жакшы билим алып,келекчекте мамлекетибиздин өнүгүүсүнө салым кошсоңор,ошондо баатыр болосуңар,өлкөдө болуп жаткан кырдаалды терс кабыл албастан,туура жакак кабыл алгыла,мекенибизде тынчтык болсун,энелер ыйлабасын деп тилек кылгыла.Азыркы күндө жаштарыбыз туура эмес иштерди жасап,өз өмүрүнө кол салып канчалаган энелер ыйлап калууда.Суицид тууралуу айта кетсем,адам качан өз өмүрүнө кол слат,качан гана ал өз каалаганына жетпей калганда жанына кас кылат бирок бул туура эмес,өмүр Алла Таала тарабынан берилгенин,ага кандай тагдыр насип кылганын бир гана Алла Таала билээрин айтты.Дүйнөдөгү илимпоздор айткандай адам баласы жөн гана олтуруп эч нерсеге жете албайт,99% мээнет,эмгек менен ийгиликке жетерин баса белгиледи.Бактылуулук –бул адамдын жашап турганы,жашоонун өзү бул бактылуулук.Ошондуктан сизге аманатка берилген өмүрдү кыюуга акыңыз жок,бул үчүн биз жооп беребиз.Азыртадан бизге берилген аманат өмүрүбүздү жакшы жашап өтүү үчүн өзүбүзгө жакшы досторду тандап,жашообузду жакшы нукка буруп жашашыбыз абзел деп сөзүн жыйынтыктады.

**Кийинки сөз ЖШИИБ дин БИИ нин инспектору милициянын капитаны Кыдырова Самара Эсенбаевнага берилди.** Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. «Ата-Журт кыйын күнгө кабылганда,айлансын ар бир уулуң чагылганга»демекчи акзыр мамлекетибизде болуп жаткан кырдаалды карап туруп биз жөн турганыбыз болбойт,андыктан келиңиздер бир муштумдай биригип,мекен үчүн колго курал алып ссогуша албасак да,ар кимибиз колубуздан келген салымыбызды кошолу.Бойго жеткен ар бир жигит мекен үчүн кызмат кылууга даяр болушу керек,ал үчүн армияга баруу абзел,а бизидин жигиттерибиз болушунча барбаганга аракет жасайт,жоок ал кылганыңар туура эмес,силер армияга баруудан баш тартып турсаңар,эртең мекен үчүн ким кызмат кылат.Мекенге салым кошуу ар бир жарандын атуулдук парзы деп эсептейм,ал үчүн

Сканировано с CamScanner

азыртан даярдануубуз керек,ынтымактуу болуубуз шарт,метеп-мектеп болуп урушууларды токтотуп,улут бөлүүдөн алыс болуп,жакшы окуп,мекенге кызмат кылууга ар дайым даяр турушубуз керек.Карагыла азыркы күндө канчалаган энелеребиздин көз жашы агууда,силер да кылмыш кылуудан алыс болуп,энелердин көз жашы акпастыгына кепилболгула. Көпчүлүк балдар өздөрү билбей уурулук сыяктуу кылмыштарга шерик болуп калып жатканын ,аларга салынып жаткан айып пул же үй камактары алардын келечегине балта ураары эскертилди.Бала 14 жашка толгондон баштап,анын ар бир кылган кылмышы жаза процесуал кодекси менен жазаланаарын айтып өттү.Андан сырткары,үй-бүлөдө же коомчулукта зордук-зомбулукка кабылса,же ага күбө болуп калса 111 кыска ишеним номерине чалуусу керек экендигин эскертти.Бул номер балдар үчүн ишеним телефону бул номер күн-түн акысыз иштейт деп да айтып өттү.Эрте никеге туруу мүмкүн эмес Мыйзам боюнча 18 жаштан никеге турууга болот.Андан эрте никелешүү кылмыш болуп эсептелинерин жана бул нерсе өзүбуз көрүп тургандай терс көрүнүштөрүн берип,жыйынтыгында көп өспүрүмдөр өз өмүрлөрүнө кол салып жаткандыгын айтып сөзүн жыйынтыктады.

**Жарыш өзгө Жалал-Абад ШИИБнүн БИИнын участкалык инспектору милициянын лейтенанты Дилдебаева Дарыя** сөзгө чыгып, азыркы учурда жашы жете элек өспүрүмдөр арсасында кылмыштуулук көбөйдү,мындай кылмыштар бекер калган балдардын арасында көп учурап жатат.Ошондуктан ЖОЖ дорго кирүү үчүн азыртадан даярдык көрүү керек ,себеби билесиздер ОРТ дан 110 баллдан жогору балл алсаңыздар окуу жайларга бюджеттик негизде окуса болот.Көчөдө бекер жүрбөй окушуңар керек,көчөдө жүрүү бейбаштыкка алып келет,бей баштыктын артынан чоң зыяндарга учурап калууңар мүмкүн мисалы 14 жаштан жогорку балдар кылмышка аралашып калса мыйзам боюнча чара корүлөт,14 жашка чейинки балдардын ата-энесине КПК тин 62-беренеси боюнча 17,5 айып пул салынат,азыркы учурда 17,5 сом чоң акча андыктан ашыкча көчөдө жүрүүнү токтотуп,убагында билим алып ийгиликке жетүүгө аракет кылуу керек экенндигин айтып өз сөзүн жыйынтыктады

**Жогорудагылырды угуп талкуулап төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды.**

**Чечим**

**1.**Өлкөдө болуп жаткан кырдаалды окуучуларга,ата-энелер туура түшүнүү ар кандай провакацияларга алданбоону түшүндүрүү,жана жабыр тарткан жарандарга жардам колун сунуу үчүн акцияларды уюштуруу мектеп жетекчилигине милдеттендирилсин.
**2.**Кылмыштуулуктун,суициддин,балдарга карата ырайымсыз мамиленин,зордук-зомбулуктун жана эрте никеге туруунун алдын алуу боюнча класс жетекчилерге тарбиялык иштерди,видео сабак роликтерди,үзгүлтүксүз даярдоо жана классындагы ар бир бала менен тыгыз байланышта болуу жагы классжетекчилерге милдеттендирилсин
**3.**Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында «111» ишеним номери боюнча окуучуларга дагы жакшылап түшүндүрүлсүн, «ишеним кутучасы» текшерилип турсун,жашы жетелек өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуулардын,кылмыштуулуктун суициддин алдын алуу максатында мугалимдерден ата-энелерден укук коргоо өкүлдөрүнөн түзүлгөн топ рейддерди күчөтүлсүн
**4.**Кечинде балдардын себепсиз же ата-энесиз көчөгө чыкпоо керек экендиги ата-энелерге милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Кушубакова.Э.А.

Тарбия завуч: Маман кызы.Г.

Сканировано с CamScanner

№8 мектеп жалпы орто билим берүүчү мектеп кенеши менен мектеп жамаатынын биргелешкен чогулушунун

ПРОТОКОЛУ

Жалал-Абад шаары 16-июнь.2022-жыл.

Катышты:
Мугалимдер-53
Класс жетекчилер43
Окуучулар-870

Күн тартибинде каралуучу маселелер:
1.2021-2022-окуу жылындагы жайкы каникул мезгилиндеги окуучулардын коопсуздугун сактоо жөнүндө
2.Аттестат күбөлүк тапшыруу боюнча жана бүтүрүүчү класстарынын жана мугалимдери менен биргеликте кафе-ресторандарда,табият койнунда эс алууларды уюштурууга тыюу салуу боюнча

**Угулду:Кушубакова Э.А. –мектеп директору.**Мектеп директору каралуучу маселе менен тааныштырып, шаардык билим берүү бөлүмүнүн буйругунун алкагында мектепте атайын буйрук кабыл алынып,анын негизинде иштер жүргүзүлүп жаткандыгын айтып өттү.2021-2022-окуу жылында мектепти жалпы 1114 окуучу нын ичинен 70 9-класстын бүтүрүүчүлөрү болсо,11-классты 19 окуучу аяктап жатат.Окуу жылын уюшкандыкта жыйынтыктап, окуучуларды жайкы каникулга таркатууда алардын каникул мезгилин максаттуу пайдалануусу жөнүндө жана ар кандай коопсуздуктардын (сууга түшүүдө этият болуу, жолдо жүрүү эрежелери, техникалык коопсуздук эрежелери) алдын алуу боюнча токтолуп, ар бир балага, ар бир ата-энеге жеткирилиши зарылдыгын айтты. 9-июндан толук орто билим берүү жөнүндөгү аттестатты тапшыруу күнүнө чейин, бүтүрүүчү окуучулардын менчик транспорттору менен шаардын ичинде, шаардан сырткары экскурсияга чыгуу, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелердин катышуусу менен оюн-зоок жайларында кафе, ресторандарда жана табиятта иш-чараларды уюштурууга катуу тыюу салынгандыгы жөнүндө айтып,учурдагы абалды эске алуу менен, балдарыбызды мектептин жакшы, тынч аяктап алуусу жөнүндө эскертип өттү. Андан сырткары урматтуу мугалимдер сиздер мектептин ишине гана милдеттүүсүздөр,мектептиен сырткаркы уюмдар,саясий иш-чаралар жана жеке адамдардын

Сканировано с CamScanner

кызыкчылыктары үчүн боло турган иштерден алыс болгонуңуздар абзел деп сөзүн аяктады.

**Угулду: Маман кызы Г. – тарбия иштери боюнча директордун орун басары.** 2021-2022-окуу жылын да жыйынтыктап, каникулга таркатуунун алдында, окуучулар каникул мезгилин кандай өткөрүшөт жана кайда барып эс алышат жана ким менен? деген сурамжылоо жүргүзүлдү,ошол маалыматтардын негизинде ар бир класс жетекчи ар бир окуучулар менен байланышта болуңуздар керек.Бүтүрүүчү класстардын класс жетекчилери тарабынан ар бир окуучуга жана ата-энелерге балдар менен чогуу ар түрдүү эс алууларды уюштурбоо керек экендиги эскертилип колдору коюлуп алынган,урм аттуу класс жетекчилер ушул маселе боюнча көңүл кош мамиле кылбаңыздар. Ар бир баланын өмүрүнүн коопсуздугу баарыбыз үчүн маанилүү андыктан баарыбыз бирдей окуучулардын коопсуздугун камсыз кылуубуз зарыл.Ата-энесиз көчөгө чыкпоо,агын суу,электр токторунан сак болуу керек экенин окуучуларга байма-бай эскертип туруу керек экенин айтып сөзүн жыйынтыктады.

**Сөзгө чыкты: Даткаева С.Т. - соцпедагог.**

Аз камсыз болгон, соцабалы начар, мектептин ички көзөмөлүндө турган, ата-энеси чет өлкөдө миграцияда жүргөн үй-бүлөдөгү окуучуларды эс алуу лагерлерине баруусуна шарттарды түзүү жана убак-убагы менен үйлөрүнө барып, үйлөрүнө барып, үй-бүлөсү, жашоо-шартынан кабар алып туруу кабар алып туруу. Үчүнчү маселе боюнча:Кыргыз Республикасынын 21.07.2015-жылдагы 185 буйругу, "Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна,дене-бой интеллектуалдык,психикалык жана руханий адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүлөрдүн алдын-алуу боюнча чаралар жөнүндө"мыйзамынын талаптарын аткаруу максатында бүтүрүүчү класстын окуучуларына жаратылышта эс алууга ,суу,көлдөргө ата-энелер жана мугалимдердин коштоосунда барууга тыюуу салынаары жөнүндө маалымат берип сөзүн жыйынтыктады.

**Сөзгө чыкты: Халдарова Ш.М. - профком.**

Урматтуу мугалимдер 2021-2022-окуу жылыбызды да ийгиликтүү аяктап алдык,алдыдагы мамлекеттик экзамендерди аяктап бүтүрүүчүлөрүбүзгө күбөлүк аттестаттарды тапшырып аларды да эсен аман жайкы каникулга жиберип алсак биздин ишибиз да жеңилдейт.Жайкы эс алуу учурунда окуучуларга коопсуздук эрежелерин сактоону дагы бир жолу эскертип ар түрдүү жаман окуялардан алыс болуп,ар дайым ата-энелердин көзөмөлүндө болуусу керек экендигин эскертип туруубуз абзел.

Сканировано с CamScanner

А биз урматтуу мугалимдер элдүүлүгүбүздү жоготуп албас үчүн ар бирибиз бийик максаттарга жетүүгө бел байлап,ынтымак жана биримдигибизди уламдан-улам чыңдай беришибиз керек.Мугалим болгон соң эмне туура эмне туура эмес биз алыстан эле көз  чаптырып билип алуубуз керек.Жайкы эс алуу мезгилинде ар түрдүү башка тармактардан иштөөгө сунуштар келиши мүмкүн,бирок биз мугалимдик аброюбузду сактоо менен жаңы окуу жылына даярдыктарды көрүп,жеке адамдардын кызыкчылыгы үчүн болуучу иштерден,саясий оюндардан алыс болуу ар бир мугалимдин милдети деп ойлойм деп сөзүн аяктады.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, мектеп кенеши менен ата-энелердин биргелешкен чогулушу төмөндөгүдөй

чечим кылат:

1.2021-2022-окуу жылындагы жайкы эс алуу мезгилинде окуучулардын коопсуздугун көзөмөлдөө  жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.
Ар кандай митинг-пикет иштерине  катышпоого,мыйзамсыз мажбурлоонун ар кандай  түрүнө жол бербөөгө ,иштеп жаткан мугалимдерге,кызматкерлерге,мектеп админстрациясына тапшырылсын
2.Ата-энелердин мектеп менен болгон байланышы күчөтүлсүн.
Мугалимдер жайкы эс алуу мезгилиндеги убакыттарын эч кандай мектептен сырткаркы иштерге аралашпай жаңы окуу жылына жаңы изденүүлөрдү өткөрүү менен алектенсин
3.Кыргыз Республикасынын 21.07.2015-жылдагы 185 буйругу, “КыргызРеспубликасындабалдардынден-соолугуна,дене-бой интеллектуалдык,психикалык жана руханий адептик өнүүгүсүнө зыян келтирүүлөрдүн алдын-алуу боюнча чаралар жөнүндө”мыйзамынын талаптарын аткаруу максатында окуучуладын өмүрүнүн коопсуздугун сактоо эрежелерин түшүндүрүү класс жетекчилерге,мектеп админстрациясына милдеттендирилсин

Бул чечимдин аткарылышын өзүмө калтырамын.

Мектеп директору: Э.А.Кушубакова
Тарбия завуч: Маман кызы.Г
Соц.педагог: Даткаева С.

Сканировано с CamScanner

Жалал-Абад шаарындагы № 8 орто мектебинин 9-11-класстарында ЖМАнын жобосу менен тааныштырууда өткөрүлгөн ата-энелер чогулушунун

№7 протоколу

Катышкан ата-энелердин саны: 80 Өтүлгөн күнү: 16.05.2022-ж

Мугалимдердин саны: 13

**Каралуучу маселелер:**

1. ЖМАга кирген өзгөртүүлөр боюнча
2. Мыйзамсыз акча жыйноо боюнча
3. 9-июнь "Акыркы коңгуроо" салтанаттуу кече боюнча
4. Ар кандай маселелер

**Угулду:** Мектептин директору Э.А.Кушубакова чогулуштуу ачып берди. Ал өз сөзүндө11-класста 19-окуучу, ал эми 9-класста 69 окуучу бүтүрүп жатышканын айтып, окуучулардын билим сапаты, катышуусу, жетишүүсү жакшы экендигине токтолуп өттү. Окуучулар ЖМАга жана ЖРТга тынымсыз изилденүү менен даярданып, окуучулар кошумча сабактарга барып жаткандыгын маалымдады.

Жарыш сөзгө мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Д.Байкучукова чыкты. Ал өз сөзүндө, ата-энелерди 2021-2022-окуу жылын уюшкандыкта аяктоо максатында КРнын Билим берүү жана илим министирлигинин 2019-жылдын 8-апрелиндеги №378/1, КРнын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында Билим берүүнүн негизги жалпы орто билим берүү программалар боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу 2022-жылдын 3-мартындагы № 264/1 жана шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 12-майындагы № 198 буйруктарын аткарылышы боюнча каралган: 9-11-класстарынын бүтүрүүчүлөрү үчүн сабактан тышкаркы убакта дене тарбия сабагынан зачёт: 11-9-класстарына 30-майдан баштап 7-июнга чейин сабактан тышкаркы убакта башталарын айтты.

9-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 22-июнга чейин 4 милдеттүү, 1 тандоо боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы төмөнкү предметтерден өткөрүлөт:

- Математикадан комплекстүү тест (жазуу түрүндө) 11-июньда
- Эне тилинен дил баяндын элементтери менен баяндама 14-июнда
- Кыргыз тилинен комплекстүү тест (жазуу түрүндө) 17-июнда

Сканировано с CamScanner

- Кыргызстандын тарыхы (оозеки) 20-июнда
- Тандоо сабагы биология (оозеки) 22-июнда өткөрүлөт,

11-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн 11-июндан 23-июнга чейин 4 милдеттүү, 1 тандоо боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы төмөнкү предметтерден өткөрүлөт:

- Эне тили жана адабиятынан (эссе) 11-июнда
- Математикадан (жазуу түрүндө) 14-июньда
- Кыргыз тилинен комплекстүү тест (жазуу түрүндө) 17-июнда
- Кыргызстандын тарыхы (оозеки) 20-июнда
- Тандоо сабагы биология (оозеки) 22-июнда жыйынтыктоочу аттестация болот.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация саат 9-00дө башталат.

ЖМА мурунку жылдарга караганда өзгөртүүлөрү менен келди.

КРнын Билим берүү министирлигинин 2019-жылдын 8-апрелиндеги № 378/1 буйругуна ылайык 11-класстардын окуучуларынын
-эне тили жана адабияты боюнча ЖМА өткөрүүгө 5 астронoиялык саат бөлүнүп, көлөмү 150-300 сөздөн турган эссе аргументация формасында өткөрүлөт.

Окуучулардын тандоосуна ар түрдүү багыттагы 3 текст сунушталат.
-көркөм текст-проза;
-көркөм текст-поэзия;
-публицистикалык текст.
-математика сабагы өзгөрүүсүз калды. Барабар айлантылып, тандалган сандар боюнча маселелер даяр китепчеден алынат.
-кыргыз тили комплекстүү жазуу тесттери:

1. Лексика. Грамматика -60 балл
2.Окуу жана түшүнүү -40 балл 110 балл
3.Жат жазуу тапшырмасы -10 балл

Убакыт 2.30 саат берилет.
"5" деген баа -93-110 балл
"4"деген баа -77-92 балл
"3"деген баа -55-76 балл
"2"деген баа -0-54 балл менен баалоо болот.
-тарых сабагы жана тандоо сабагы биология оозеки түрүндө билеттер аркылуу берилет.

9-класстар үчүн:
-эне тили жана адабияты боюнча 14-июнда дил баяндын элементи камтылган баяндаманы жазуу болот. Эки баа менен бааланат. Биринчи баа

Сканировано с CamScanner

текстин мазмунуна жана кептин жасалгалоосуна, экинчи баа- орфографиялык, пунктациялык жана грамматикалык нормалардын сакталышы үчүн коюлат.

-математика сабагы боюнча комплекстүү тест үч бөлүктөн жалпы 25 тест тапшырмаларынан турат (жазуу түрүндө) 11-июнда

-кыргыз тилинен комплекстүү тест 17-июнда

1.Лексика. Грамматика -40 балл

2.Окуу жана түшүнүү - 30 балл. 70 балл максималдуу упай болот.

"5" деген баа -59-70 балл

"4"деген баа -49-58 балл

"3"деген баа -35-48 балл

"2"деген баа -0-34 балл менен баалоо болот.

-тарых сабагы (оозеки) 20-июнда

тандоо сабагы биология (оозеки) 22-июнда болот.

Экинчи маселе боюнча сөздү мектептин директору Э.А.Кушубакова алды. Министирликтин , ШБББнүн 25.04.2022-жылдын № 58/2-б буйругунун жана мектептин ички буйругунун негизинде КРнын Билим берүү мыйзамын аткаруу жана жалпы орто мектептерде мыйзамсыз түрдө акча чогултууларды жыйноого жол бербөө максатында чыккан буйрук менен тааныштырып, ата-энелерге мыйзамсыз акча жыйноого, балдардын мектептен сырткары мезгилдеринде отуруштарды, оюн-зоокторду уюштурууга жол бербөөлөрүн эскертип, катуу тыюу салынганын кошумчалады.

Үчүнчү маселе боюнча сөзгө мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары; Маман кызы Г. чыгып, ал азыркы күндө ИДН кызматкери мектепке келип, бүтүрүүчү класстар менен байма-бай чогулуштарды өткөзүп жатышкандыгы жана рейддер тынбай мугалимдер тарабынан да жүргүзүлүп жаткандыгын билдирди.

9-июнь күнү өткөрүлүүчү ар түрдүү оюн-зоокторго, отуруштарга жана машина менен көчөлөргө айланганга катуу тыюу салынаарын белгилеп өттү. Ошондой эле бүтүрүүчү класстын окуучуларына алдыдагы ЖРТны, ЖМАны тапшырууда ден соолугунун коопсуздугуна залал келтирүүчү иш аракеттерге жол бербөөгө, буйрукка баш ийүүгө чакырып өттү. Алардын мектептен сырткаркы убактарда жоопкерчилик ата-энелерине жүктөлөрүн баса белгилеп өттү.

Жарыш сөзгө ата-энелер комитетинин башчысы Ш. Акбаров чыгып, мугалимдердин иши түйшүктүү экенин айтып, ыраазычылык билдирүү менен жардам берүүбүз керек деп баса белгиледи. Ата-энелер тарабынан

Сканировано с CamScanner

мыйзамсыз акча чогултуулар болбосун, мектеп буйругунан сырткары ашыкча иш-чаралар уюштурулбасын айтып, ата-энелер ар бирибиз балдарыбызга өзүбүз көзөмөл жүргүзсөк, өз балдарыбызга туура түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, алдыдагы ЖРТ, ЖМАны ийгиликтүү тапшырып алышса бул балдарыбызга жакындан жардам берип, тынч –аман бүтүрүп кетишсе деп, бүтүрүүчүлөргө ийгилик каалап сөзүн аяктады.

Жогорудагы айтылгандарды угуп жана талкуулап чогулуш токтом кылат:

1. Бүтүрүүчү класстардын окуучуларынын ЖМАга даярдыктарды көрүүсү, алардын сынак өткөн күндөрү өз убагында кечиктирбей, мектеп формасында келүүсүн камсыздоо ата-энелерине жүктөлсүн.
2. ШБББнүн 25.04.2019-жылдын № 58/2-б буйругун аткаруу жана мыйзамсыз түрдө акча жана башка чогултууларды жыйноого жол бербөө жагы ата-энелерге жүктөлсүн.
3. 9-июнда "Акыркы коңгуроонун" тынч жана көзөмөлдө өтүү жагы ИДН кызматкерлери Кадыралы уулу Д. жана тарбия завучу Маман кызы Гүлбарчынга милдеттендирилсин.

Мектеп директору Кушубакова Э.А

Пед. Кеңештин катчысы: Исакова Г

Сканировано с CamScanner